**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АИЛЬНОГО АЙМАКА**
**БОЛОТА МАМБЕТОВА**

---

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 27-августу №37** **Төрт-Күл айылы**

**“Либертан” ОсОО жоопкерчилиги чектелген коомунун кайрылуусун кароо жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 26-августундагы корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. “Либертан” ОсОО жоопкерчилиги чектелген коомуна геологиялык изилдөө, геологиялык чалгындоо, казуу, кен чыккан жерлерди иштетүүгө жайыттарды, мөңгүлөрдү сактап калуу максатында коомчулуктун пикирин эске алып, уруксаат берилбесин.
2. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.
3. Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет .
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

***Жергиликтүү кеңештин төрагасы*** **М.Ж.Жунушалиев**